2. Ааламдашуу шартында кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүн сактоо жана өркүндөтүү процессинде көркөм билим берүүнүн ролу (статья) Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары КР УИА Кабарлары 2018. №2 – С.135-140.

**ISSN 0002-3221**

**АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ**
**СПЕЦИАЛЬНЫЙ ВЫПУСК**
**SPECIAL ISSUE**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**

# К А Б А Р Л А Р Ы

# И З В Е С Т И Я

**НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**БИШКЕК** **2018**

ilimbasma@ma.il. ru

**ДЖАКЫПОВ К.К. /Кыргызстан/**

Ааламдашуу шартында кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүн сактоо жана өркүндөтүү процессининде көркөм билим берүүнүн ролу....................135

Роль художественного образования в сохранении и в развитии инструментальный музыки в условиях глобализации....................135

The role of art education in preserving the development of traditional music in the context of globalization

**ЖАКЫПБЕК Н.Б. /Казахстан/**

Пространство и время развития казахского жетыгена ....................140

The space and time of development of the Kazakh zнetygen

**ТОКОЕВА Ж.Т. /Кыргызстан/**

Кыргызское кино и традиционная музыка....................144

Кыргыз киносу жана салттуу музыка ....................144

Kyrgyz cinema and traditional music

**ШАРИПОВА Э.К. /Кыргызстан/**

Музыканын социумдун руханий турмушундагы ролу: философиялык анализ....................148

Роль музыки в духовной жизни социума: философский анализ....................148

The role of music in the spiritual life of socium: philosophical analysis

**УСАЛ Г./Кыргызстан/**

Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусствосундагы фольклордун мааниси....................152

Место фольклора в кыргызском устно-профессиональном музыкальном искусстве....................152

The importance of folklore in the professionally-professional music art

**ФАТИХ БАШБУГ /Туркия/**

Түрк сүрөтчү Бедри Рахми Эйпо уулунун «САРЫ САЗ» аттуу чыгармасындагы маданий белги....................156

Национальное культурное значение в произведении под названием «САРЫ САЗ»

турецкого художника Рахми Эйюболу....................156

The cultural image of the turkish painter bedri rahmi eyuboglu's work entitled «SARI SAZ»

**УСЕНОВА Н.Э. /Кыргызстан/**

Память как явление преемственности в интерпретации традиционной музыки....................160

Эс тутум каада-салт музыкасын талкуулоодогу мурастоонун көрүнүшү катары ....................160

Memory as a phenomenon of continuty in the based interpretation of traditional music

**СВЕДЕНИЯ ОБ АВТОРАХ** ....................164

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

УДК 78:7.031

**Джакыпов К.К.** /Кыргызстан/
*И. Арабаев атындагы КМУнун*
*Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин*
*музыка кафедрасынын башчысы, доц. м. а.*

# ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДА КЫРГЫЗ ЭЛДИК АСПАПТЫК АТКАРУУЧУЛУК ӨНӨРҮН САКТОО ЖАНА ӨРКҮНДӨТҮҮ ПРОЦЕССИНИНДЕ КӨРКӨМ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН РОЛУ

***Аннотоция:*** *Бул макалада автор кыргыз элинин кылымдардан келе жаткан "устат-шакирт" салтын билим берүү системасына киргизүү аркылуу жетишилген ийгиликтерге токтолуу менен көркөм маданияттын инсандын калыптануусундагы ордун белгилейт. Ошону менен бирге ааламдашуу шартында жаштарды жеңил музыканын терс таасиринен сактап калууда мамлекеттик деңгээлде системалык иш жүргүзүү гана оң натыйжа берерин билдирет.*

***Негизги сөздөр:*** *салттуу музыка, эстетикалык тарбия, устат-шакирт, көркөм билим берүү, негизги музыкалык аспап, кошумча музыкалык аспап, комуз, окуу программасы*

# РОЛЬ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ОБРАЗОВАНИЯ В СОХРАНЕНИИ И В РАЗВИТИИ ИНСТРУМЕНТАЛЬНЫЙ МУЗЫКИ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

***Аннотация:*** *В этой статье автор обращает внимание на результативные сдвиги с внедрением кыргызской многовековой традиции "устат-шакирт" в систему образования и отмечает роль художественной культуры в формировании личности. Вместе с тем вселяет надежду на положительные результаты систематической работы на государственном уровне от отрицательных влияний легкой музыки на молодежь в условиях глобализации.*

***Ключевые слова:*** *традиционная музыка, эстетическое воспитание, мастер-ученик, художественное образование, основной инструмент, дополнительный инструмент, комуз, учебная программа и. т. д.*

# THE ROLE OF ART EDUCATION IN PRESERVING THE DEVELOPMENT OF TRADITIONAL MUSIC IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION

***Annotation:*** *In this article, the author draws attention to the effective swigs with the introduction of the Kyrgyz centuries-old tradition of « ustat-shakirt « into the education system and notes the role of artistic culture in the formation of personality. At the same time, it gives hope for positive results of systematic work at the state level from the negative influences of light music on young people in the context of globalization.*

***Key words:*** *traditional music, aesthetic education, master student, art education, basic instrument, additional instrument, komuz, curriculum.*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Кыргыз элинин тарых-таржымалын изилдеген окумуштуу, академик В.В. Бартольд: «Кыргыздар – Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашаган элдердин ичинен тарыхта аты ушунчалык эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек» [1] – деген тыянакка келүүсүн, окумуштуунун бул багытта жасаган көп жылдык эмгегинин жыйынтыгы деп эсептейбиз.

VI-IX кылымдардагы байыркы түрк жазма эстеликтеринде, X-XVI кылымдардагы араб, перс ж.б. жазма булактардан жана аларга кошумча ирээтинде мекенибиздин жер-жерлеринен табылган ар кандай курал жабдыктардан, сөөк менен жыгачка түшүрүлгөн түркүн-түстөгү эң жөнөкөй оюмдардан, үңкүрлөрдүн боорлоруна тартылган, аска таштарга чегилген сүрөттөрдөн, балбал таштардан ата-бабаларыбыздын музыкалык маданиятынын изин таап, нугун басып, ыргактарын туябыз.

Бизге жеткен жогорудагыдай тарыхый эстеликтерден, элдик кол өнөрчүлүк буюмдарынан карап, ошол кездеги жашап өткөн муундардын көркөм ой жүгүртүүсүн, сулуулукка, көркөмдүккө болгон мамилесин боолголоп билсек болот.

Кыргыз жергесинде дүйнөлүк маанидеги тарыхый эстелик болгон «Саймалуу-Таш» өрөөнүндө аска таштарга чегилген сүрөттөргө байкоо салсак, андагы ритуалдык бийлерди чагылдырган сүрөттөрдү көрөбүз. Ушундан улам, ошол кезде элибизде бий маданияты болгондугун, ал эми бий болгондон кийин кандайдыр бир деңгээлде музыкалык маданиятыбыздын түптөлө баштагандыгын айта алабыз [3. 6-б.].

Кыргыздын элдик музыкасы жана музыкалык аспаптарын изилдеген баалуу эмгектер Советтик мезгилде пайда болду. Ал изилдөөлөр В. Виноградовдун, А.Затаевичтин, В.Беляевдин калемдерине таандык.

Бул изилдөөчүлөр тарабынан учурунда элибизде кылымдар бою атадан-балага, муундан-муунга оозеки түрүндө берилип келе жаткан элдик музыкабызды жазуу түрүндө нотага түшүрүп, анын калыбын бузбай сактап калууга жол башталган. Азыркы күндө алардын эмгектери музыка изилдөөчүлөр үчүн негизги таяныч катары пайдаланылууда.

1928-жылы сентябрь айында, Агартуу комиссариатынын чакыруусу менен музыковед-фольклорист А. В.Затаевич келген [2]. Бул адамдын келүүсү менен кыргыз музыкалык маданиятында улуу бурулуш болду. Эки айдын аралыгында Токтогул, Карамолдо, Муратаалы ж.б. өңдүү залкарлардын чыгармаларын нотага түшүрүп, өзүнчө жыйнакка киргизген.

Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрү XX кылымдын башы менен өзүнүн өнүгүү жолунун жаңы этабын баштайт. Анткени бул мезгилден баштап, музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн билим берүү системасы менен байланышы башталган.

Октябрь Революциясынын жеңишинен кийин эл жыш отурукташкан айрым аймактарда музыкалык студиялар ачылат. Аларда музыкалык ар кандай ийримдер жанданат. Музыкалык ийримдердин натыйжалуу иш-аракеттерди жүргүзүүсү, акырындык менен музыкалык окуу жайлардын ачылышына себепкер болот. Ал эми музыкалык окуу жайларды бүткөн жаш адистер театрларды жана филармонияны уюштурууга түрткү берет. Мындай музыкалык мекемелерде аспаптык ансамблдер жана оркестрлер иш баштайт. Бул кыймыл түзүлгөн коллективдердин адистери үчүн, албетте кандайдыр бир деңгээлде музыкалык билим алууну талап кылды. Бирок, тилекке каршы, элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуу объективдүү жана субъективдүү ар кандай себептерден улам билим берүү системасында өз ордун ээлеген жок. Бул жалпы элдик салттуу музыканын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелерден болуп, бир нече мезгилге чейин созулду. Ал учурда Коммунисттик партиянын саясаты менен музыкалык билим берүү системасында жаш муундарды «жаңыча» тарбиялап-окутуу жүргүзүлдү. Ал «жаңыча» окуу-тарбиясына, Европалык жана орус музыкасын окуп өздөштүрүү, алардын музыкалык аспаптарында ойноону үйрөнүү киргизилген. Ал эми кыргыз салттуу аспаптарында окутуу жалпы билим берүүчү мектептеринде жана мектептен тышкары мекемелердеги музыкалык ийримдерде гана жүргүзүлдү. Ал ийримде аспаптарда ойноону каалоочулар жана жеке ынтызарлар гана катыша алышкандыктан массалык мүнөзгө ээ болгон эмес. Кыргыз ышкыбоз жаштарынын мындай шартта музыкалык билим алуусу жана

аспаптык аткаруучулук өнөрүн өздөштүрүүсү XX кылымдын аягына чейин жүргүзүлдү [4].

1985-жылдары аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуу жагдайында бир топ бурулуштар болуп өттү. Ал бурулуш, аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун билим берүү системасына киргизилишине байланышкан.

1984-жылы Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинде кыргыз салттуу комузун окутуп-үйрөтүү башталган.

1987-жылдан баштап республика боюнча балдар музыкалык мектептеринде, музыкалык орто жана жогорку окуу жайларында элдик салттуу музыкалык аспаптарда: (алгач комуз, темир ооз комуз, андан кийин кыл кыяк, анын соңунан үйлөмө аспаптар – чоор, сыбызгы, ж.б. ) ойноого окутуу боюнча класстар ачылат.

Бул мезгилде комузчу Нурак Абдырахманов өзүнүн музыкалык мектебин ачат. Ал устаттык бай тажрыйбасы менен көптөгөн жаш таланттарды мектебинде тарбиялап чыгара баштайт.

1993-жылы Кыргыз Мамлекеттик Консерваториясы ачылат.

1994-жылы Консерваторияда салттык музыка кафедрасы уюштурулат.

Кафедрада алгач кыргыз элдик аспаптардан комуз боюнча окутуу жүргүзүлүп, анын соңунан көп өтпөй, элдик ырдоо классы ачылат. Элдик аспаптар боюнча окуу программалары түзүлүп, ал программалардын негизинде окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарын, хрестоматияларын жазуу менен ноталык жана музыкалык адабияттарды топтоо иштери жүргүзүлө баштайт.

1989-жылы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин Маданият факультетинин музыканын теориясы,тарыхы жана музыкалык аспаптар кафедрасында салттуу комуз бөлүмү ачылып, ал окуу планына фортепиано, баян-аккордеон менен бирге негизги аспап катары окутула баштаган. Кафедрада алгачкылардан болуп жогорку окуу жайлардын музыкалык бөлүмдөрүндө негизги аспап катары салттуу комуз аспабын окутуунун 4 жылдык программасы түзүлүп, бекитилет. Программада комуз чыгармалары эң жөнөкөй көнүгүүлөрдөн, этюддардан, кайрык, обондордон башталып, акыркы курста залкар күүлөрдү чертүү жана айрым кара күүлөрдү фортепианонун коштоосунда ансамбль ойноо деңгээлине жеткирүү камтылган. Ушул эле программада жыйынтык сынак учурунда студенттерге аткарган чыгармалары боюнча аннотация жазуу талабы коюлган. Мындай талап болочоктогу музыка мугалими үчүн мектепте сабак өтүүдө күүлөр, комузчулар жана алардын чыгармачылыгы боюнча окуучуларга кеңири маалымат берүүсүнө жол ачмак. Учурда бул багытта комуз аспабы негизги аспап, кошумча аспап жана концертмейстер классы дисциплиналары катары Мамлекеттик билим берүү стандартына киргизилди.

Кыргызстандагы аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн билим берүү системасына киргизилүүсү, деги эле музыкалык-педагогикасы Европалык музыкалык педагогикага салыштырмалуу абдан жаш. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болуу менен музыкалык дүйнөдөгү өз алдынчалыгын жана идентүүлүгүн бекемдеп келет. Тарыхый жактан алганда, анын иш алып баруусу негизинен советтик мезгилдеги музыкалык педагогиканын мыкты салттарына таянат.

Улуттук искусство тармагындагы музыкант-педагогдун татыктуу билими болочоктогу педагогикалык ишкердүүлүк үчүн зор таяныч. Музыка мугалими улуттук профессионалдык музыканын түзүлүшү жана өнүгүшү жөнүндөгү билимдерге ээ болушу зарыл. Ал эми конкреттүү аткаруучулук репертуардагы авторлордун стилистикалык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү, сөзсүз, педагогикалык ишмердүүлүккө, мектептеги музыка сабагына болгон жекече мамилеге оң таасир этет. Ошондуктан, студенттерде аткаруучулук репертуарынын топтолушу үчүн кыргыз салттык музыкаларын жумушчу программага кошуу менен аткаруучулук программаларды пландоо абдан маанилүү.

Кыргызстандагы көркөм билим берүүнүн түзүлүү жана өнүгүү процесси бир нече этаптарды басып өткөндүгүн жана ал жол жөнөкөй болбогондугун, ар бир этаптын өзүнө тиешелүү мүнөздүү белгилери бар экендиги билебиз.

Учурда коомдун актуалдуу маселелерин чечүү үчүн, жаңыча ой жүгүртө алган, өз ишинин чебери, адеп-ахлактуу жана руханий дүйнөсү бай адам керек. Мындай жоопкерчилик

адамдын заманбап билим алуусун жана аны иш жүзүндө пайдалануусун талап кылат.

Билим алуу социалдык жана экономикалык маселелерди чечүүдө маданият менен катар коомчулуктун эң башкы мүдөөсүнө айланды. Бул маселени чечүүдө эстетикалык циклдин предметтери бардыгынан эффективдүү каражат болуп саналат. Көркөм өнөр дисциплиналары философия, тарых жана эстетика дисциплиналары менен бирге окуу процессинде адамдын гармониялуу калыптануусуна ар тараптуу жардам берет.

Көркөм өнөргө окутуу системасын сактоо жана чыгармачыл кесиптердин адистерин даярдоо менен бул системаны мындан ары да өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү, заманыбыздын актуалдуу маселелеринен.

Тарыхта такталгандай, эң коркунучтуу мезгил – бул руханий байлыктын жакырданышы. Ааламдашуу шартында руханий дөөлөттөрүбүздүн корголушу, улуттук өзгөчөлүктөрүбүздүн сакталышы – улуттун сакталып калышынын негизги өбөлгөлөрүнөн болуп саналат.

Искусствонун билим тарбия берүүдөгү орду жана ролу канчалык чоң экенин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин чечимдеринен, чыгармачыл топтордун жана уюмдардын иштеринен байкоого болот.

Көптөгөн окумуштууларынын ой-пикирлери боюнча, көркөм өнөргө окутуу адамдын толук өнүгүп-өсүшүндө чечүүчү факторлордун бири болуп саналат. Бул факторлорду эске алуу, өспүрүмдөрдү жана жаштарды, ал гана эмес орто курактагы адамдарын окутууда жана коомдоштурууда, албан ийгиликтерге жеткенге уникалдуу шарт түзөт.

Көркөм билим берүү – өзгөчө жоопкерчиликти талап кылган максат (миссия). Анын артыкчылыгы – искусство дүйнөсү адамдын жаш-курагына, жынысына, дин өзгөчөлүгүнө, кызыкчылыгына жана көнүмүш мейкиндигине карабай, ар бир адам үчүн чыныгы руханий азыктандыруучу чөйрө боло алгандыгында. Бирок, Кыргызстанда көркөм билим берүүнү уюштурууда азыркы учурда төмөнкүдөй карама-каршылыктар байкалууда:

– үй-бүлөдөгү муундан-муунга келе жаткан каада-салтты, үрп-адатты кийинки муундарга өткөрүп берүү маселесинде (айрыкча шаарларда);

– чыгармачыл адамдарга карата болгон коомдук зарылчылык менен анын чыгармачыл өнөрүн жайылтып, пайдалануунун өнүкпөй жатышынын ортосундагы карама-каршылыктар;

– билим берүү системасында окуучулар менен студенттердин чыгармачылык дараметин жогорулатууга болгон зарылчылыктар жана бул жаатта орто жана жогорку көркөм билим берүүнү каржылап, камсыздоонун жетишсиздигинин ортосундагы карама-каршылыктар [5].

Мындай кырдаал Кыргызстандагы көркөм өнөргө окутуу процессин жүргүзгөн бардык окуу жайларда жаңыча аракеттерди, жолдорду жана үлгүлөрдү издөөнү талап кылууда.

Бул багытта акыркы мезгилде жасалып жаткан аракеттер арбын. Элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүн өнүктүрүү жана жайылтуу багытында мамлекеттик мекемелер менен катар эле өз демилгелүү уюмдар, жекече инсандар, өнөктөш мамлекеттердин айрым өкүлдөрүнүн көмөктөшүүсү менен алгылыктуу иш аракеттер жасалууда. Атап айтсак: «Устат-шакирт» салттуу музыканы сактоо борбору, «Айгине» маданий-изилдөө борбору ж.б.

Аталган уюмдар тарабынан кыргыз элинде салт катары сакталып келе жаткан аспаптык аткаруучулук өнөрүн сактоо жана жайылтуу багытында өнөрдү устаттан шакиртке өткөрүү салтын улантуу жана салттуу музыканын белгилүү өкүлдөрүнүн мектебин ачуу, аларга шакирттерди тартуу иштери ийгиликтүү аткарылууда. Анын натыйжасында өнөр чөйрөсүндө өз жүзү өз таланты менен таанылган жаштардын мууну жаралды. Алар кыргыз салттуу музыкасын өлкөбүздүн аймагында жана чет мамлекеттерде даңазалоого олуттуу салым кошушууда. Айрыкча «Айгине» маданий-изилдөө борбору тарабынан каржыланып уюштурулган комузчу Нурак Абдырахмановдун «Эн белги менен комуз үйрөтүү» мектебинин катышуучуларынын күчү менен

II Дүйнөлүк көчмөндөр оюнунда аймактардан чогулган 1000 комузчунун А. Огомбаевдин «Мак ботой» күүсүн ансамблде ойноосу бул багыттагы аткарылып жаткан иштердин ачык далили. Дүйнөлүк маанидеги бул иш чара кыргыз элинде салттуу музыкага жана аспаптык аткаруучулук өнөргө болгон

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

мамиленин оң тарапка багыт алгандыгын көргөздү. «Устат-шакирт» салттуу музыка борбору учурда Бишкек шаарынын жана аймактардын айрым мектептери менен биргелешип, салттуу музыка сабагын жумасына бир жолу – кружок катары киргизүүнү ишке ашырышкан. Анын жыйынтыгында алар менен биргеликте иш алып барып жатышкан жалпы билим берүүчү мектептерде комуз, чопо чоор, темир комуз аспаптарында ойноо массалык көрүнүшкө айланууда. Окуучу балдар салттуу аспаптар менен жакындан таанышуудан сырткары алардын айрымдарында ойной билүү деңгээлине жетишүүдө. «Адамдын жан дүйнөсү музыкалык аспаптай, аны кандай толгосоң ошондой обон угасың» демекчи жаш муундарды батыштын каптап кирген жеңил-желпи кабыл алынуучу поп-музыкаларынын терс таасиринен сактап, өз элинин музыкалык бай мурасын жеткирүү мамлекет тарабынан да колдоого алынса, анын эл арасында кадыр-баркы мындан ары да өсөр эле.

Ал эми акыркы жылдары Кыргыз Республикасында «Салттуу музыка» күнүн белгилөөнүн мыйзам тарабынан бекемделиши жана ага коомчулуктун тартылышы менен аткарылып жаткан колдоого аларлык саамалык, дагы да келечекте кыргыз элинин маданий мурастарын өркүндөтүп жана кийинки муундарга нарк-насилин жоготпой жеткирүүдө өз жемишин берет деп бекем ишенебиз.

**Адабияттар**


1. *Бартольд В. В.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер / Түз. кошумча түшүндүрмөлөр жана алгы сөз жазган Ө. Караев, – / Кырг. котор. котормочулар жамааты / Б.: «Айбек» фирмасы, 1997– 456-б. Затаевич А.В. Кыргызские инструментальные пьесы и напевы [Текст] / А.В. Затаевич. – Фрунзе, 1971.

2. *Алагушов Б.* Кыргыз музыкасынын тарыхынан: Педагогика институтунун музыка факультети үчүн окуу китеби /Алагушов Б. Койгелдиева Т., Турдумамбетова Ш., Ф.: – М, 1989. – 208 б.,40-б.

3. *Касей М.* Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы [Текст] / М. Касей. – Бишкек, 2015. – 406-б.

4. Кыргыз Республикасындагы көркөм өнөр окутуусу XXI кылымдагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсү аналитикалык доклад «КМШ мамлекеттериндеги көркөм өнөр окутуусу: XXI кылымдагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсү» ЮНЕСКО жана МГКФ пилоттук долбоордун алкагында даярдалган Б.: 2011


